Мурат Темиров атындагы жалпы билим

берүү мектеби

# Сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулар менен иштөө.

Мугалим: С. Жанузакова

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Максаты:

*Окуучуларды кыргыз тили жана адабияты сабактарына кызыктыруу,логикалык ой жугуртуусун остуруу менен оз мекенин суйгон билимдуу инсанды тарбиялоо*

Текшерилди:

Окуу бөлүм башчы

__________Н.А.Жунушова

Бекитемин:

Мектеп директору

__________Б.Акматов

2022-2023-окуу жылына карата кыргыз тили жана адабияты сабактарынан жөндөмдүү окуучулар менен иштешүү планы.

| № | Аткарылуу иштер | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Синтаксис,пунктуация боюнча тереңдетилген программа.Синтаксисттик талдоо | сентябрь | Кыргыз тили жана адабияты мугалими ЖанузаковаС,окуучулар |
| 2 | Байланыштуу кеп.Иш кагаздары менен иштешүү.Фонетика. Фонетикалык талдоо | октябрь | Мугалим ЖанузаковаС,окуучулар |
| 3 | Элдик оозеки чыгармачылык.Акындар чыгармачылыгы .Түшүнгөнүн айта билүү,чечендик өнөрүн калыптандыруу | ноябрь | Мугалим ЖанузаковаС,окуучулар |
| 4 | Лексика.Сөздүн лексикалык мааниси | декабрь | Мугалим ЖанузаковаС,окуучулар |
| 5 | Морфология.Орфография. Сабаттуу жазуу иштери.Морфологиялык талдоо | январь | Мугалим Жанузакова С,окуучулар |
| 6 | Кыргыз адабиятынын тарыхы.Жаңы доордогу адабияттын басып өткөн жолу:Сөз байлыгын өстүрүү.Чечендик чеберчилик | февраль | Мугалим Жанузакова С окуучулар |
| 7 | Аналогия.Сүйлөмдүн түрлөрү.Кеп маданиятын өстүрүү | март | Мугалим Жанузакова С окуучулар |
| 8 | Кырдаалдан чыгуу ,жооп табу мезгили .Чыгармалардын негизинде көйгөйлүү суроолорду таба билүү. | апрель | Мугалим Жанузакова С |
| 9 | Көркөм чыгармалардан окуу. «Мага таасир калтырган чыгарма» дилбаян жазуу | май | Мугалим Жанузакова С окуучулар |

Кыргыз тили жана адабияты мугалими:____________ Жанузакова С.К

# Этимограммалар

Этимолограммалар деп эки сөздөн жаралган сөздөрдүн келип чыгышын табуу талап кылынган психологиялык оюундун бир түрү.

Иштөө тартиби.

Мугалим арбир сапты өзүнчө окуйт, окуучулар болсо сыпаттап айтылган сүйлөмдүн
Кандай сөз келип чыгарын аташат. Эки сап окулуп бүткөн соң,андан чыккан эки сөздү кошуп туруп окуучулар бир жаңы сөз табууга жетишет.

1Биринчиси-жылкынын желке чачы.
Экинчиси-коктунун экинчи аты.
(жалкоо)
2Биринчиси- басчуу жер күндөгү,
Экинчиси-күчүктүн үргөнү.
(жолборс)

3 Биринчиси- комуздун ичегиси.
Экинчиси-боектун түшөөр изи.
(кылтак)
4 Биринчиси-башкача аты кийиздин.
Экинчиси-маанисин айтат этиштин.
(куурчак)

# 2) КУБИКТЕР СТРАЦЕГИЯСЫ

**Кайталоо жана бышыктоо сабагында кубик пайдаланылат.**
**6 топко бөлүп, кубик өкчөлөт, кайсы суроо келсе, ошол суроого жооп беришет**

1) **Сүрөттөп бер (өңү, түсүн, формасын, өлчөмүн)**
2) **Салыштыр (эмнеге окшош, эмнеси менен айрымаланат)**
3) **Башка чыгарма менен байланыштыр (эмнени эске салат)**
4) **Талда**
5) **Колдон (муну эмне кылууга болот)**
6) **Жакшы, жаман жактарын айт (колдоо же колдобоо)**

Тест
Класс 6
Бул **ЛЕКСИКА-ГРАММАТИКА** тести. Тест окуучу сөздүн лексикалык маанисин түшүнүүсүн текшерет. Аткаруу мөөнөтү 20 мүнөт. Жалпы 15 тапшырма. Тапшырмалар жазылган баракка эч нерсе жазууга болбойт. Тестти окуп, туура жоопторду танда. Жумушчу матрицага белгиле. Ар бир туура жооп 1 упайга бааланат.

**1-бөлүм. Сүйлөмдөрдү туура толуктагыла.**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Кыргоол – эң кооз ........... бири. | А) куштардын<br>Б) куштарга<br>В) куштарда<br>Г) куштардан |
| 2 | Жылкынын сүтүнөн .... жасалат. | а) кымызга<br>б) кымызды<br>в) кымыз<br>г) кымызда |
| 3 | Бизди ......, ........ тарбиялаган да китеп. | А) жашоону, эмгекти<br>Б) жашоого, эмгекке<br>В) жашоо, эмгек<br>Г) жашоондо, эмгекте |
| 4 | Көчмө кинонун машинасы ........ . | А) келди<br>Б) келдим<br>В) келдиң<br>Г) келдик |
| 5 | Сергейден ......... Андрей таза жүрөт. | А) ошо<br>Б) менен<br>В) сыяктуу<br>Г) көрө |
| 6 | Жаңы ....... үйлөр салына баштады. | А) жапыз<br>Б) бийик<br>В) тайыз<br>Г) жука |
| 7 | Менин жоолугум - ........ . | А) кызылдай<br>Б) кызыл<br>В) кызылда<br>Г) кызылга |
| 8 | Ок бүркүп жаткан желмогуздун жаагы тып ..... . | А) басылдык<br>Б) басылдым<br>В) басылды<br>Г) басылдың |
| 9 | Мен ....... кабатта жашаймын. | А) бешинчи<br>Б) беш<br>В) бештей<br>Г) бешөө |
| 10 | Биздин класстан ..... олимпиадага кетти. | А) төртүнчү<br>Б) төрт<br>В) төрттөй<br>Г) төртөө |
| 11 | Биз ..... класс болдук. | А) алтоо<br>Б) алтыдай<br>В) алты<br>Г) алтынчы |
| 12 | Балдар жолдун четине майда таштарды ........ | А) чогулттуңуз<br>Б) чогулттуң<br>В) чогултушту<br>Г) чогулттум |

# Жаңылмач

*Белестеги беш кашка кой,*
*Бешөө беш башка кой.*
*Беш аласы кунан кой,*
*Беш аласы дөнөн кой*

## Табышмактар


Эки тууган бири-бирин көрбөйт.

*(көздөр.)*

## Макалдар

*Куч билимде. Эл ичи -алтын бешик.*

# Дидактикалык чыгармалар



Начар окуучу

Мыкты окуучу.

Окшоштугу.

